КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ЫЛАЙ-ТАЛАА

---

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезексиз XII сессиясынын жыйынынын

# ТОКТОМУ
№ 12/4

Ылай-Талаа айылы.

2023-жылдын 3-октябры,

**Ылай-Талаа айылдык Кенешинин төрагасын шайлоо боюнча Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү жана иш милдеттерин бөлүштүрүү жөнүндө**

Ылай-Талаа айылдык Кенешинин төрагасын шайлоо боюнча Эсептөө комиссиясынын курамын жана иш милдеттерин бөлүштүрүлүшүн талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айылдык Кенешинин төрагасын шайлоо боюнча Эсептөө комиссиясынын
-төрагасына № 2 - 8 мандаттуу Ылай-Талаа шайлоо округунан депутат Акматалиева Айгүл Эрмековна,
-катчысына № 3 - 5 мандаттуу Сай шайлоо округунан депутат Исабаев Мелис Тыныбекович,
-мүчөсүнө № 1 - 8 мандаттуу Каманчы шайлоо округунан депутат Абдимажит уулу Осмон бекитилсин.

2. Эсептөө комиссиясынын төрагасына жалпы шайлоого көзөмөлдүк жүргүзүү, эсептөө комиссиясынын катчысына шайлоо бюллетендерин кол тамгаларын белгилеп таркатуу жана эсептөө комиссиясынын мүчөсүнө урнага түшкөн бюллетендерди көзөмөлдөө милдеттери бөлүштүрүлсүн.

3. Ылай-Талаа айылдык Кенешинин төрагасын шайлоону уюштуруу жагы Эсептөө комиссиясынын мүчөлөрүнө жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары** **А.Үтөңбай уулу**